DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Ырысбекова Б.Д.*

# ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРДЫН КӨРСӨТМӨЛӨРҮНӨ ТААСИРИН ТИЙГИЗГЕН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ФАКТОРЛОР

*Ырысбекова Б.Д.*

# ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ФАКТОРЫ ВЛИЯЮЩИЕ НА ПОКАЗАНИЯ ПОТЕРПЕВШЕГО

*B.D. Yrysbekova*

# PSYCHOLOGICAL FACTORS AFFECTING THE TESTIMONY OF THE VICTIM

*УДК: 343. 971.73/985.2.3*

*Макала жабырлануучунун сурakталуусунун тактикасынын жана психологиясынын көйгөйлөрүнө жана сотко чейинки өндүрүштүн бул катышуучусунун көрсөтмөсүнүн пайда болуу процессине психологиялык факторлордун таасирине арналган. Изилдөөдө жабырлануучулардын көрсөтмөлөрүндөгү негизги каталардын себептерине окумуштуулардын көз караштары көрсөтүлгөн. Ошону менен биргеликте жабырлануучулардын суракталуусунун тактикасынын көйгөйлүү аспектилерин ачыктоодо, автор көрсөтмөлөрдүн пайда болуусунун объективдүү шарттарына, жана ошондой эле каралып жаткан адамдардын категориясынын субъективдик мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн жана факторлоруна таянган. Макалада жабырлануучунун аң сезиминен жана эркинен көз карандысыз болгон жана көрсөтмөлөрдүн ишенимдүүлүгүнө, толуктугуна жана тактыгына таасирин тийгизген, жана ошондой эле ичинде топ менен жасалган кылмышты, орун алган кырдаалды, окуяларды кабыл алуу процессин татаалданткан жана ага таасирин тийгизген субъективдик факторлор берилген. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде, кылмыштарды тергөөдө маанилүү ролун ойногон далилдерди алуу максатында сурактоо өндүрүшүндө сотко чейинки өндүрүү органдары тарабынан берилген жагдайларды эске алуу боюнча сунуштамалар көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *адамдарды уурдоо, сурак, далилдер, окуя, корсотмо, жабырлануучу, факторлор, окуялар.*

*Статья посвящена проблемам тактики и психологии допроса потерпевшего и влияние на процесс формирования показания у данного участника досудебного производства психологических факторов. В исследовании представлена широкая палитра мнений ученых на основные причины ошибок в показаниях потерпевшего. При этом при освящении проблемных аспектов тактики допроса потерпевшего, автор исходи как из объективных условий формирования показаний, так и субъективных закономерностей, и факторов восприятии рассматриваемой категории лиц. В статье изложен перечень и анализ объективных условий восприятия события преступлений, не зависящие от сознания и воли потерпевшего и влияющие на достоверность, полноту и точность показаний, а также субъективные факторы, осложняющие и оказывающие влияние на процесс восприятия происходящего события, в том числе и преступлений совершаемые группой лиц. На основе проведенного анализа представлены рекомендации по учету изложенных обстоятельств органами досудебного производства при производстве допроса с целью получения доказательств, играющих важное значение при расследовании преступлений.*

***Ключевые слова:*** *похищение человека, допрос, доказательства, событие, показание, потерпевший, факторы, события.*

*The article is devoted to the problems of tactics and psychology interrogation of the victim and the impact on the process of forming the testimony from this participant to pre-trial production of psychological factors. The study presents a broad palette of opinions of scientists on the main causes of errors in the testimony of the victim. At the same time, with the consecration of the problematic aspects of the clutch tactics of the victim, the author proceeds both from the objective conditions for the formation of indications and subjective patterns, and the factors of the perception of the category of persons in question. The article outlines the list and analysis of objective conditions for the perception of the event of crimes, independent of the consciousness and will of the victim and affecting the accuracy, completeness and accuracy of indications, as well as subjective factors complicating and affecting the process of perception of the eventful event, including crimes committed group of persons. On the basis of the analysis, the recommendations were presented on accounting for the circumstances of the pre-trial-proceeding authorities in the production of interrogation in order to obtain evidence playing important in the investigation of crimes.*

***Key words:*** *abduction of man, interrogation, evidence, event, indication, victim, factors, events.*

Албетте, «... бүгүнкү күндө бир катар кылмыштардын маанилүү коомдук кооптуулугу тууралуу уюшулган кылмыштык топтор тарабынан жасалган кол салуулардын санынын өсүүсү, жана ошондой эле түрдүү кылмыштык топтордун биригүү тенденциясын тастыктайт. Ошону менен биргеликте өзгөчө кооптуу кол салуулардын санынын өсүүсү гана эмес, ошондой эле ошону менен биргеликте УКТ тарабынан жасалган кылмыштар жогорку уюшулган мүнөзгө ээ болгондугу кооптондурат. Ошону менен биргеликте изилденген кылмыш иштеринин талдануусу көрсөткөндөй, укук коргоо органдары тарабынан жакшы жашырылган топтор менен кездешүүгө туура келет, жана ошондой эле кылмыштардын консолидациясы, алардын куралдануусу, жабырлануучуларга болгон өзгөчө катаалдык түзгөн факторлорду көп кездештирет» [1, 243-б.]. Ошого байланыштуу тергелип жаткан иши бонча далилдердин булагы болгон жана криминалдык аракеттердин ачыкталуусуна түрткү жараткан жабырлануучулардын көрсөтмөлөрүнө маанилүү рол берилет.

Сурактоонун тактикасынын көйгөйлөрүн изилдөөдө, анын ичинде күбөлөрдүн жана жабырлануучу-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лардын суракталуу тактикасы боюнча, маанилүү салымын бир катар окумуштуулар киргизип, алардын кээ бири сурактоонун тактикасы жана психологиясынын көйгөйлөрү боюнча кырк жылдан ашык ишин жүргүзүп келет. Мисалы, Н.И. Порубов өзүнүн «Алдын ала тергөөдөгү сурактоонун илимий негиздери» аттуу диссертациялык изилдөөсүндө [2], биринчи жолу сурактоого даярдоодо жана аны өткөрүүдө ыкчам жол менен алынган маалыматтарды күбөлөрдүн же жабырлануучулардын суракталуусуна болгон тергөө жана ыкчам иликтөө иш чараларынын мамилеси боюнча суроону койгон. Кийинчерээк ал тереңирээк тергөөчүнүн сурактоого даярданууда алдын ала текшерүү органдары менен болгон өз ара аракеттешүүнүн уюшулуусунун жана формасынын шарттары тууралуу суроону караган.

Олуттуу жана терең ыкманы тактика көйгөйлөрүнө А.Б. Соловьев сурактоо жана беттештирүү көйгөйлөрү боюнча өзүнүн бир катар эмгектеринде көрсөткөн [3; 4], ал жерде психологиялык контактынын, психологиялык күрөштүн, рефлексиянын, психологиялык таасирдөөнүн жана ошондой эле тергөө этикасынын татаал көйгөйлөрү каралган.

М.Л. Якубдун «Күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын көрсөтмөлөрү» эмгегинде жазык процессинин бул катышуучуларынын процессуалдык статусунун өзгөчөлүктөрү, анын сурактоо тактикасына болгон таасири, алынган көрсөтмөлөрдүн бааланаусунун суроолору ар тараптуу каралган. Күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын көрсөтмөлөрүндөгү мүмкүн болгон катачылыктарды аныктаган себептердин жалпылаган классификациялык схемасы биринчи жолу белгиленип, аларга автор буларды киргизген: а) кабыл алуунун жагымсыз шарттары (физикалык); б) күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын физикалык жана психикалык кемчиликтери жана алардын абалы; с) кабыл алууга жана эске калтыруунун тандалуу касиети, жана ошондой эле инсандын багытталгандыгы, ниети жана башка себептер менен шартталган тигил же бул объектилерге болгон бир тараптуулук; д) чындыгын жөнөкөй менен алмаштыруу (көнгөн түшүнүктөр менен), ойлору, фантазиялары, анын ичинде кабыл алуунун жана эске тутуунун кемчиликтерин толуктуу; е) кызыктар болгон адамдар тарабынан күч менен кабыл алдыруу; ж) кылмышка жана андагы аракеттерге же ага катышкан адамдардын абалына жана кылмышка коштолгон башка жагдайларга болгон эмоционалдык реакция [5].

Көрсөтүлгөн классификациялык схема, биздин көз карашыбыз боюнча, көрсөтмөлөрдөгү негизги катачылыктардын себептерин, жабырлануучулар үчүн мүнөздүү болгон жана аз учурда күбөлөрдө кездешкен белгилерди чагылдырат жана бул изилдөөнүн алкагынды бул суроонун деталдык каралуусу үчүн негиз боло алат.

Талдоо көрсөткөндөй, жабырлануучунун көрсөтмөсүнүн пайда болуу процессинин өзгөчөлүктөрүнө негизделген жабырлануучунун суракталуусунун тактикасынын жана психологиясынын бөлүнүүсү орун алууда. Ошол эле учурда жабырлануучунун көрсөтмөлөрүнүн пайда болуусун кабыл алуу стадиясы менен чектөө тамырынан туура эмес, анткени кабыл алуу каттоо процесстеринен өз алдынча эмес (эске тутуу, эсинде калтыруу, унутуу) жана андан кийинки калыбына келтирүүдөн бөлүнө албайт. Рубинштейн С.Л. мындай деп пикирин туура белгилеген: «Эсинде калуу жана эстөө – бири биринен изоляцияланган процесстер эмес. алардын ортосунда эки тараптуу өз ара байланыш бар. Эстеп кетүү бир жагынан калыбына келтирүүнө өбөлгө, экинчи жагынан – ал анын натыйжасы» [6, 304-б.].

Ошентип биз психологдор юридикалык илимде активдүү изилдөөлөрүн жүргүзгөн пикир менен макулбуз, анткени бул эркек кишилер менен аял кишилердин ортосундагы айырмачылыктарды жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугу тууралуу кеп кылууга мүмкүнчүлүк жаратат. Ошого байланыштуу ТПЭ жүргүзүүнүн критерийлеринин бири болуп жыныс белгисин эсептөө зарыл, башкача айтканда эркек кишилердин экспертизасын, аял кишилердин экспертизасын жүргүзүү зарыл. Заманбап изилдөөлөрдүн тенденциясы байкалууда, жана бул өспүрүм балдардын жана кыздардын ТПЭ диагностикасынын пайда болуусуна тиешелүү [7; 8]. Ошондуктан бул албетте процессуалдык аракеттердин жүргүзүлүүсүн психологиялык өзгөчөлүктөрдүн эске алууну талап кылат, анын ичинде салттык эмес приемдорду колдонуу менен таасирдөөнүн психологиялык каражаттарынын колдонулуусунун мүмкүн болгон чегинин эске алынуусу милдеттүү [7; 8].

Жабырлануучу өзүнүн кандайдыр бир окуясын жана жагдайларын толук жана ишенимдүү билдирүүсү үчүн ал буларга милдеттүү: а) ачык аң-сезими менен аларды сезүү органдары менен толук жана так кабыл алууга (угуу, көрүү жана башкалар); б) кабыл алынганды эске тутууга, өзүнүн эсинде кармоого; в) эстөөгө; г) билип, туура көрсөтүүгө.

Жабырлануучунун кабыл алуусунун толуктугу жана тактыгы эки негизги факторлордон көз каранды: көрсөтмөлөрдүн пайда болуусунун объективдүү шарттарынан жана кабыл алуунун субъективдик мыйзам ченемдүүлүктөрүнөн жана факторлорунан.

Талдоо көрсөткөндөй, көрсөтмөлөрдүн пайда болуусунун объективдүү шарттарына кылмыштын окуясынын жабырлануучунун аң сезиминен жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



эркинен көз карандысыз болгон кабыл алуу шарттары. Бул сырткы кылмыш окуясынын мүнөздөмөлөрү жана айлана чөйрөнүн шарттары. Салттуу түрдө буга адамдын анализаторлорунун кабыл алуусунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн, алардын мүнөздөмөлөрүн киргизүү керек. Кылмыштын жасалуусунун окуясын пайда кылган объективдүү шарттарга жана көрсөтмөлөрдү пайда кылган белгилерге булар кирет: кылмыш окуясын кабыл алуу жүргөн убакыттын узактыгы (узак убакыт кабыл алуу, кыска убакыт кабыл алуу); кылмыш процесси кабыл алынган окуянын татаалдыгы (жөнөкөй, татаал); калыб алынган окуянын интенсивдүүлүгү; кабыл алынуучу окуяга же объктиге болгон аралык; кабыл алынып жаткан процесстин мүнөзү (динамикалык, статикалык), айлана чөйрөнүн температурасы; кабыл алуу процессин коштогон метеорологиялык көрүнүштөр; окуяны кабыл алуудагы жарыктандыруунун мүнөзү (нормалдуу, жетишсиз); кылмышкердин өзүнүн сырткы кел бетин жана аракеттерин маскировкалоо (үнү, кийими, маскасы жана башкалар).

*Кылмыш окуясынын кабыл алуусу жүргөн убакыттын мезгилинин узактыгы.* Тергөө тажрыйбасында объектини, көрүнүштү байкоонун кыска убакытта олгондугунун терс таасиринин анын кабыл алууга жана эсте тутууга тийгизгендигин жетиштүү түрдө кездештирсе болот. Бул окуянын күтүүсүздүгү жана жабырлануучунун өзүнүн убакыттын кыска мезгилинде болуп жаткан кылмыш окуясын, анын түзүмүн, элементтерин так кабыл алуу үчүн көңүлүн бурууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу менен байланышкан. Зомбулук кылмыштар, эреже катары, күтүүсүздүк жана жабырлануучунун каршылык көрсөтүүгө эркин басууга жана кылмыштык максаттарга жетүүгө багытталган кылмышкерлердин аракеттеринин жогорку интенсивдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Ошентип, кабыл алуунун кыска убакыттыгы кылмыштык кол салуунун жана тандан кылмыштын жасалуусунун өзгөчөлүктөрүнүн түздөн-түз кесепети болуп, жабырлануучунун кылмыш окуясынын кабл алгандыгы тууралуу көрсөтмөлөрүнүн куралуусунун толуктугуна терс таасирин тийгизет.

Кыска убакытта кабыл алган кылмыш окуясын жабырлануучнун көрсөтмөлөрүн талдоодо тергөөчү кабыл алуунун кемчиликтерин окуянын мүнөзү, анын динамикасы жана бөлүктөрү тууралуу субъективдик түшүнүктөрү менен толуктайт. Ошентип кылмыштык кол салуунун учурун кабыл алуу жана жабырлануучунун эске тутуу мүмкүнчүлүгүнүн предметине текшерүү зарыл, анткени бул тергөөчүнүн алардын ишенимдүүлүгү боюнча шек жаратып, тергөөчү алдын ала тергөөнүн жүрүшүндө алынган башка материалдардын негизинде аларды тастыктоосу же жокко чыгаруусу милдеттүү.

*Кылмыш жасалган процессти кабыл алуунун татаалдыгы.* Татаал процесстер адам тарабынан жөнөкөйлөргө караганда начар кабыл алынгандыгы баарыбызга белгилүү. Зомбулук кылмыштары, эреже катары, татаалдыктын жогорку даражасы менен айырмаланат, жана бул топ менен жасалган кылмыштар үчүн мүнөздүү. Ошону менен биргеликте кылмыш окуясынын көптөгөн элементтери кабыл алынбай калат, же болбосо жабырлануучу тарабынан начар эске тутутулуп калган бойдон калууда. Адамдар көп учурда кабыл алынып жаткан предметтердин санын, алардын ортосундагы аралыкты, алардын мейкиндиктеги салыштырылуусу жана өлчөмүн баалоого жөндөмдүү болбогондугун эске алуу зарыл. Бул учурда мүнөздүү болуп топ менен жасалган зордуктоо фактысы боюнча иштер эсептелет. Жабырлануучу, эреже катары, кылмышкерлердин так санын, алардын ортосундагы ролдордун так бөлүнүүсү, кылмыштын окуясынын өнүгүүсүнүн ырааттуулугун атоодон кыйналышат.

Окуянын ырааттуулугун кабыл алууга төмөнкү факторлор таасирин тийгизгендигин белгилеп кетебиз: субъектинин окуяны кабыл алууга даярдыгын билдирген анын перцептивдик көрсөтмөсү; окуянын объективдүү тартиптелүүсү; стимулдардын табигый уюшулуусу; субъект үчүн маанилүү болгон белгилерге ээ болгон окуянын белгилүү ырааттулугун колдонуу менен субъектинин окуяны тартиптөөсү. Мисалы, бир нече кылмышкерлердин жабырлануучуга бир учурда кол салуусу, жабырлануучунун кабыл алууга даярдыгына жараша, анын мүмкүн болгон кол салуусун божомолдоо менен көп кооптуулук көрсөткөн катары кабыл алынат жана жабырлануучунун көрсөтмөсүндө уюштуруучу катары аталат. Ошондой эле жабырлануучу кызыктар болгон козгоочц ага чейинки кызыктуу болбогон менен салыштырганда кабыл алынып, өзүнүн түздөн түз көрсөтмөлөрдөгү каракчылык тууралуу иштер боюнча көрсөтүлөт – жабырлануучунун негизги көңүлү жакшы кабыл алынган жана эсте тутулган кылмыштык топтун куралдуу мүчөлөрүнүн аракеттеринин деталдашуусуна көңүл бурулат.

**Кабыл алынган окуянын интенсивдүүлүгү** ошондой эле жабырлануучунун көрсөтмөлөрүнүн пайда болуу процессине маңыздуу таасирин тийгизет. Жабырлануучунун тигил же бул окуяга же көрүнүшкө көңүл бөлүүсү анын күтүүсүздүгү же интенсивдүүлүгү менен байланышкан. Окуянын интенсивдүүлүгү жабырлануучунун перцептивдик процесстерин активдештирет: сезүү, кабыл алуу, алардын жардамы менен ал айлана чөйрөнүн сигналдарын кабыл алат, сыпаттарын чагылдырат, буюмдардын белгилерин айырмалайт, өзүнүн жеке организминин абалын сезет [9, 5-б.]. Бул адамдын анализаторлорунун иштөөсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү менен шартталган. Күчтүү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



козгогучтар көп даражада жабырлануучунуну анализаторлоруна таасирин тийгизет жана анын кесепети катары өзүнө күчтүү көңүл бурат. Адамдардын анализаторлорунун ишмердүүлүгүнүн белгилүү мыйзам ченемдүүлүктөрү да бар. Адамдын анализатору козгоочуну кабыл алуу үчүн, анын абсолюттук төмөнкү жана сезүүнүн абсолюттук жогорку чегинин ортосунда болуусу абзел. Ошондой эле дифференциалдык чек дагы маанилүү – эки бир типтүү козгоочулардын минималдык козгоосу. Ар бир адамдын сезимдүүлүгү түрдүү шарттарга ылайык өзгөрүүсү мүмкүн экендигин белгилеп кетүү зарыл.

Толук жана ишенимдүү көрсөтмөлөрдү куруу үчүн ошондой эле адекваттык кабыл алуу жана кылмыштын жасалуусунун жүрүшүндө жабырлануучунун үндөрдү эске тутуусу маанилүү болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Угуу сезимдери үндүн бийиктигин, күчүн жана тембрин чагылдырат. Эң жогорку үн сезүү 2000-3000 Гц арасында жатат, жана бул корккон аялдын кыйкыруусуна дал келет. Бир анализаторлордун күчтүү козголуусу дайыма башка анализаторлордун сезимдүүлүгүн төмөндөтөт. Жогорулатылган үндүн деңгээли көрүү сезимин төмөндөтөт [9, 42-б.], мисалы, өтө каттуу үндүн таасирдөө шарттарында жарыкка болгон сезимдүүлүк күүгүмдүк көрүүнү жыйырма пайыздык деңгээлге төмөндөтөт [9, 44-б.].

**Кабыл алынып жаткан окуянын же оъектинин** ортосундагы аралыкты кабыл алуу дагы маанилүү. Көп алыстыкта предметтер кичине көрүнөт, жарык менен анын көлөкөсүнүн ортосундагы айырмачылыктын алсызлануусу күчтөнөт, кээ бир кичи элементтердин жоголуусу пайда болот. Мындай көрүнүш көп учурда тергөө тажрыйбасында кездешип, линиялык перспектива деп аталат. Мейкиндик көрсөткүчтөрдү кабыл алуу предметтердин көлөмүн аныктоо жана алардын ортосундагы аралыкты аныктоо менен байланышкан.

Жабырлануучунун көрсөтмөсүнө ошондой эле **кабыл алынып жаткан процесстин өзгөчөлүгү таасирин тийгизет.** Адамдын динамикалык процесстери кабыл алуунун белгилүү өзгөчөлүгү бар. Адам өтө жай кыймылдарды кабыл албайт жана алар тууралуу кыйыр белгилер боюнча гана айта алат, жана чоң ылдамдыктагы кыймылдар да байкалбайт. Кыймылда болгон предметтен канчалык алыс болсо, анын кыймылынын ылдамдыгы ошончолук кичине көрүнөт.

Албетте, айлана чөйрөнүн температурасы жабырлануучунун денесине тийген зыян менен чакырылган ооруу сезимдеринин жабырлануучу тарабынан кабыл алуусу процессине таасирин тийгизет. Төмөнкү температурада ооруу күчтөнөт, жогорку температура ооруу сезүүнүн алсыздоосуна алып келет.

Окуяны кабыл алуу процесси жагымсыз метеорологиялык көрүнүштөр менен татаалданышы мүмкүн (кардын жааганы, жамгыр, булутчулдук). Кылмыш окуясы ачык мейкиндикте орун алган учурда бул түздөн түз окуяны кабыл алуудагы жарыктандыруунун мүнөзүн шарттайт жана кабыл алуу жана эске тутуу процессине таасирин тийгизет. Ошондой эле кылмышкерлер билип туруп, жагымсыз метеорологиялык шарттарды аны колдонуу менен табигый маскировка катары белгилеп, алардын жашыруундугун жана кол салуусунун күтүүсүздүгүн, же аларга ийгиликтүү жашынууга шарт катары колдонулуусу мүмкүн.

Жабырлануучулардын көрсөтмөсүнүн пайда болуусуна кабыл алуу моментиндеги жарыктандыруунун мүнөзү таасирин тийгизет. Ачык жарыктандыруу шарттарында жабырлануучу түстөрдү, предметтердин контурун так айырмалайт. Аз жарык шартында (күүгүмдө) жабырлануучу предметтердин сөлөкөттөрүн, кара жана ак түстөрдү гана айырмалай алат. Күүгүмдө башка түстөр айырмаланбайт, байкалбайт, бул көрүүнүн анализаторлорунун өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Тергөө тажрыйбасында жабырлануучу өзүнүн көрсөтмөлөрүндө окуя болгон шарттарда кабыл алуу татаал болгон фактыларды так айтып беришет. Бирок, ар бир учурда жабырлануучунун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын көрсөтмөлөрүнү ишенимдүүлүгүн жана жабырлануучунун кабыл алуу шарттарына адаптациялануу мүмкүнчүлүгүн текшерүү зарыл. Тергөө экспериментин мындай учурларда жүргүзүү алынган көрсөтмөлөрдүн ишенимдүүлүгүн текшерүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.

Көп сандагы кылмыштарда жасоодо кылмышкерлер жабырлануучу тарабынан алардын таанылуусунун татаалдантуу максатында сыртын маскировкалоо каражаттарын колдонушат. Тоноону, каракчылык кол салуу, буйрутма боюнча адам өлтүрүүгө кол салууну жасоодо кылмышкерлер, кабыл алуу жана жабырлануучунун каттоо мүмкүнчүлүктөрүн жок кылуу максатында маскалардын түрдүү варианттарын колдонушат. Көп учурда кылмышты жасоодо ойлонуп табылган аттар колдонулат. Опузалап алуу иштери боюнча өзүнүн талаптарын коюуда кылмышкерлер көп учурда үндөрүн өзгөртүшөт.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, көрсөтмөлөрдүн пайда болуусунун объективдик шарттарынын аракеттери бири бири менен өз ара шартталган жана комплексте каралуусу милдеттүү. ошентип, сурактоону жүрүшүндө тергөөчү жабырлануучунун кылмыштын окуясынын кабыл алуусу жүргөн бардык объективдик шарттар (жарыктандыруусу, узактыгы, метеорологиялык шарттар жана башкалар), алардын бири бирине таасири, жана ошондой эле алардын жабырлануу-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



чунун көрсөтмөсүнүн пайда болуу механизмине комплекстик таасирин тактоосу милдеттүү. Мындай ыкманын колдонуусу жабырлануучунун көрсөтмөлөрүнүн пайда болуусунун объективдик шарттары менен байланышкан катачылыктарды аныктоого жана жок кылууга мүмкүнчүлүк жаратат.

Көрсөтмөлөрдүн пайда болуусунун объективдик шарттарын карап чыгып, анын психиканын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен түздөн түз байланышкандыгын белгилеп кетүү зарыл, анткени окуя көңүлдүн кабыл алуусуна жана багытына таасирин тийгизет, окуянын же көрүнүштүн татаалдыгын, анын түзүмүн, бүтүндүгүн, тандалгандыгын, ойлонулгандыгын жана башкаларды чагылдырат.

**Адабияттар:**


1. Isaeva K.A., Abdukarimova N.E., Balymov E., Smoilov S. Prospects of development of institute of investigative ac- tions at the present stage in Kazakhstan and Kyrgyzstan / The Social Sciences (Pakistan). 2015. T. 10. №3. - C. 243- 248.
2. Порубов Н.И. Научные основы допроса на предварительном следствии. Автореф. дис. ... д-ра юрид. наук / Порубов Н.И. - М., 1977. - 31 с.
3. Соловьев, А. Допрос свидетеля и потерпевшего / Соловьев А.Б. - М., 1974. - 128 с.
4. Соловьев А. Очная ставка на предварительном следствии / Соловьев А.Б. - М., 1970. - 91 с.
5. Якуб М.П. Показания свидетелей и потерпевших. Оценка показаний свидетелей и потерпевших на предварительном следствии и в суде первой инстанции / Якуб М.Л. - М.: Изд-во Моск. ун-та, 1968. - 128 с.
6. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии - СПб: Издательство «Питер», 2000 - 712 с.
7. Исаева К.А. Тактические особенности допроса женщин - подозреваемых и обвиняемых: автореф. канд. юрид. наук: 12,00,09. - Москва, 1995
8. Камалова, Л.Н. Следственные действия в свете современных психологических исследований : автореф. дис. ... канд. юрид. наук : 12.00.09.- Бишкек, 2011.- 27 с.
9. Зорин, Г. А. Психологический контакт при производстве допроса: Уч. пос. по курсу "Криминалистика" Гродно ГГУ 1986. - 71 с.